**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
ЗЭАУнун МТжТС проректору
ф.и.к. Н.М.Эсенова
____________________
_18___ 09____2023ж

**БЕКИТЕМ**
ЗЭАУнун ректору
ф.и.д., проф. М.Е.Дарбанов
____________________
_18_ 09_____2023ж

## «Кыргыз тили жана Айтматов ааламы» аталышындагы мамлекеттик тилдин үч айлыгынын жобосу

### 1. Жобо

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын аткарылышын камсыз кылуу жана Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 20-июнундагы № 353-т тескемесине ылайык КР Президентине караштуу мамлекеттик тил жана саясаты боюнча улуттук комиссия «Кыргыз тили жана Айтматов ааламы» аталышындагы мамлекеттик тилдин үч айлыгын жарыялайт.

### 2. Үч айлыкты өткөрүүнүн максаты

- «Кыргыз Респукасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамын жайылтуу
- мамлекеттик тилге байланыштуу улуттук деңгээлдеги иш-чараларды өз убагында даярдоо жана ийгиликтүү өткөрүү
- мамлекеттик тилдин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү
- мамлекеттик тилдин конституциялык макамын чыңдоо жана анын социалдык-коомдук маанисин жогорулатуу
- студенттердин сүйлөө маданиятын калыптандыруу
- Айтматов ааламын ар тараптуу ачып берүү, анын чыгармаларын жайылтуу
- улуу жазуучунун өрнөктүү жолун жаштарга үлгү көрсөтүү
- келечектеги жаш муунду мекенчилдикке, адамгерчиликке ж.б. жакшы сапаттарга тарбиялоо
- кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, рухий дөөлөттөрүн жана маданий-тарыхый мурастардын даңазалоо.

### 2. Иш чаранын аткарылышы

- Мамлекеттик тилдин үч айлыгынын иш мерчеминин негизинде кафедралар, колледж, жамаат иш алып барышат
- Ч.Айтматовдун чыгармаларынан көркөм окуу сынактарын уюштурат
- Ч.Айтматовго жана тил маселелерине байланышкан конференция, семинар, вебинар, диспут, таймаш, олимпиада, дебат, викторина ж.б. уюштурат
- Ч.Айтматовдун чыгармаларынан көрсөтмөлүү ачык сабактарды, жаңы муундагы видео сабактарды даярдайт (соц.тармактарда) жайылтат
- мамлекеттик тил кабиннеттерин уюштурат
- улуттук үрп-адат, каада-салттарга (бабалар мурасы, улуттук оюндар, кол өнөрчүлүк) байланыштуу көргөзмө өткөрөт
- Ч.Айтматовдун чыгармаларынан көркөм окууларды уюштурат
- мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган макала, баяндама, ауидо-видео материалдарды, учкул-накыл сөздөрдү (ММК, социалдык баракчаларда, сайттарда) жайылтат
- эссе, дилбаян, жат жазуу жаздырат

- китепкана фондун кыргыз китептери менен толуктоо жана кыргыз китептеринин көргөзмөлөрүн уюштурат.

## 4. Үч айлыкты жыйынтыктоо

- Үч айлыктын жыйынтыгы улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө 2023-жылдын 12-декабрына карата КР Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан жыйынтыкталып, кызыктуу, мазмундуу, таасирдүү иш-чаранын уюштуруучулары, иш чарага жигердүү катышкандар жана сынактардын жеңүүчүлөрүн КР Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан сыйланат.

**Уюштуруучулар:** Кафедра башчылары, директордун орун басары, жамаат.
**Өткөрүлгөн иш чара** ЗЭАУнун сайтына жана mamtil.kg@mail.ru сайтына жайгаштырылат.